# Түштүк кайсы тарапта?



Автор: Мария Любис

Сүрөтчү: Ванния Ризки Сантосо

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Түштүк кайсы тарапта?

Автор: Мария Любис
Сүрөтчү: Ванния Риски Сантосо
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Түштүк кайсы тарапта?" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Which Way is South?* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Mariya Lyubis жана сүрөтчүсү Vanniya Rizki Santoso. ©The Asia Foundation - Let's Read, тарабынан 2020-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/read/4f7e1eab-ceb0-496e-bc74-6bea55b37234?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



***Күү-у***... күз келди. Суук жана катуу шамал согот! Көк канарейкага жылуу жактарга – түштүккө учуп кетүүгө убакыт келди.


Бул – кичинекей канарейканын түштүккө биринчи саякаты. Күн батканда бүт топ чымчыктар учуп кетет. Ал топтон артта калып калсачы?

Акыры, учууга убакыт келди. Кичинекей Кенар апасына жакын учуп бара жатат.

Бирок жанынан эмне учуп кетти?

Кичинекей Кенар кайрылып, анын артынан кууп кетти. Дал ушул учурда апасы Кенарды чакырып калды.

Ал топтон калып кала жаздады!





Канаттуулар сапарын улантты.

– Эй, а бул эмне?

***Ммм***, бул жемиштер абдан даамдуу көрүнөт!

Апасы кичинекей Кенардын бир туугандары менен алек. Балким, кичинекей Кенар бир нече мөмөнү жеп алганга үлгүрөт?

Кичинекей Кенар канаттарын бүгүп, төмөн карай учту.

Жемиштер сонун. Бул жерде алар ушунчалык көп!

Бир туугандарың менен бөлүшпөй, жалгыз өзү тое жеп, кандай сонун!





Кичинекей Кенар жемиштен курсагы тойгуча жеди. Бир маалда жогору жакты карады…

Оо, жок! анын тобу кайда? Ал аларга кантип жетет?

Апам үйрөткөн ыр! Ал ырды эстөөгө аракет жасашы керек.

– Учабыз, учабыз, түштүктү көздөй учабыз, жылуу жана жайлуу жерлерге барабыз.

– Учабыз, учабыз, асманда учуп барабыз... ...күндүн батышын көрөбүз.

Оңго? Солго? Кайсы жолду тандаш керек?

Кичинекей Кенар эстей албай жатат.





Түштүк кайсы тарапта?

Күн оң же сол жактан батабы? Асмандагы кызгылт-сары түстөр өчө баштады.

Ал эми кичинекей Кенар дагы эле ырды эстей албай жатат.

Чарчаган Кенар шамалда калкып учуп барат. Ал ырда дагы бир маанилүү нерсе бар экенин билет, бирок ал сөздөрдү таптакыр эстей албай жатат.

Бир маалда ал бир жерди көрдү. Балким, үй-бүлөсүн ошол жерден таба алат?





Дал ушул убакта шамал токтоп калды. Бул жер ушунчалык жарык! Болду-болбоду, бул – шаар. Кичинекей Кенар ырдын сөздөрүн эстей албай убара.

Акыры, ал эстеди. Ура!

– Караңгы кирип, күн баткан кезде,
Кичи Жетиген бизге жол көрсөтөт.
Жаркыраган куйругунан алыс учсаң,
Адашпай, Түштүк жакка жетесиң төп.





Бирок ... бул көздү уялткан жарык!

Кичинекей Кенар Кичи Жетигенди көрө албай жатат. Ал асманда эч нерсени көрө албай жатат!

Кичи Жетиген кайда? Түштүк кайсы тарапта? Эми апасын эч качан көрбөйт. Ал ушул жерде тоңуп калат.






Балким жалбырактардын арасында жылуураак болуп калар.


Ушул учурда ал жанынан ызы-чуу добуш укту. Бул эмне? Бул шамал эмеспи? Башка кушпу? Же жыланбы?

О, бул жөн гана шамал.

Бирок жалбырактардын артында эмне бар? Бул кичи Жетиген!

Эми анын куйругунун учунан алыстап учуу гана керек.





Кичинекей Кенар бардык күчүн жумшап, канаттарын какты. Ал өзүнүн тобун кууп жетерине ишенет!

Уксаң! Бул чырылдаган добуш ага тааныш. Бул анын тобу эмеспи!





Көк канарейкалардын тобу ырдап, өз сапарын улантууда:

– Учабыз, учабыз, түштүктү көздөй учабыз, жылуу жана ыңгайлуу жакка учабыз.

Күндүн батышын көрүп, асманга карай учабыз, күндөн оңго бурабыз.

Караңгыда күн жок болуп калганда,

Кичи Жетиген бизге жол көрсөтөт.

Анын жаркыраган куйругунан алыс уч.

Жаңылышпай, түштүк жакка учуп кетип жатабыз.





Сары чымчык (Passerina cyanea) же көк канарейка – Америка Кошмо Штаттарынын чыгышында жана Канаданын түштүгүндө жашаган канаттуулар. Эркегинин жүнү ачык көк, ал эми ургаачыларынын жүнү күрөң түстө. Кыш мезгилинде эркек сары чымчыктар көк жүндөрүн жоготуп, күрөң ургаачыларга окшош болушат, бирок бир аз көк түстөгү жүндөр кала берет.

Канаттуулар жыл сайын күзүндө Мексикага жана АКШнын түштүгүнө көчүп кетет. Алар Ursa Minor топ жылдызынын Кут жылдызынын айлануусуна жараша жылат (кичи Жетиген деп да аталат). Кут жылдыз Жетигендин куйругунун учунда жайгашкан жана Түндүк кут жылдызы деп да аталат. Ал түндүк уюлга багыт берет жана ар дайым түндүк жарым шарда көрүнүп турат.

Шаар аймагындагы ашыкча жасалма жарыктан улам, жарыктын бүдөмүк көрүнүшү түнкү асманда жылдыздарды көрүүнү кыйындатат. Бул жаратылышка терс таасирин тийгизет, анын ичинде канаттуулардын миграциясына тоскоол болот. Ошондой эле бул электр энергиясынын текке кеткенин көрсөтөт.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Мария Любис
Сүрөтчү: Ванния Ризки Сантосо
Которгон: Айгуль Джунушалиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли